# ЭМГЕК ЖОЛУ

БИР НЕРСЕ БАШТААРДА КОРКПОЙ БАШТА,
БАШТАГАНДАН КИЙИН АЯГЫНА ЧЫК.

ӨЗҮҢДҮН КЫЯЛЫҢДЫ, КААЛОҢДУ ТАК ЖАНА
ДААНА ЭЛЕСТЕТСЕҢ ГАНА,
АЛ ИШКЕ АШАТ.

АЛДЫГА ЖЫЛЫП ИЙГИЛИК ЖАРАТЫШ ҮЧҮН,
СЕНДЕ НИЕТ, БИЛИМ, АРАКЕТ
БОЛУШ КЕРЕК.



*Чарбалардын эсеп-кысабы ишеничтүү колдо болгон.*

**Азаров Зарылкан** айылдагы мектепти аяктап Каракол шаарындагы бухгалерлик курсту окуп бүтүп, 1945-1950-жылдары Көк-Дөбө колхозунда, 16 жашынан тартып бухгалтер болуп иштеп, өтө тирикарактыгынан, чоң үй-бүлөнү багып келген. Себеби, атасы Азар балалуу болбой жүрүп, 55 жашында улуу кызы Салимакан төрөлгөн, анан балдарынын баары жаш кезинде ал 78 жашында каза болгон. Ошондуктан үй-бүлөлүк түйшүктүн баары, эркек балдарынын улуусу болгон Зарылканга жүктөлгөн.

Бара-бара Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумду, КМУнун экономика факультетин сырттан окуп бүтүргөн.

1953-1955-жылдары Ысык-Көл районунун Крупская жана Ленин атындагы колхоздордо башкы бухгалтер болуп иштеген. 1956-1957-жылдары Тянь-Шань облусундагы Куланак районунун Механикалык-техникалык станциясында бухгалтер, 1957-1962-жылдары Кочкор районунун Кара-Суу колхозунда башкы бухгалтер кыз-

маттарын ийгиликтүү аркалаган.

1962-1965-жылдары Балыкчы шаарындагы “Винсовхоз” комбинатында башкы бухгалтер, 1965-1966-жылдары Ананьеводогу Турмуш-тиричилик комбинатында башкы бухгалтер, 1966-1976-жылдары Ысык-Көл районунун 1-май колхозунда башкы бухгалтер болуп эмгектенип, колхоздун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө бараандуу салымын кошуп келген.

1976-1979-жылдары Ысык-Көл районунун Даярдоо конторасынын директору, 1979-1984-жылдары кайрадан 1-май колхозунун башкы бухгалтери, Жаркынбаев айлындагы Ысык-Көл мамлекеттик малды бордоп семиртүүчү чарбада башкы бухгалтер болуп иштеген.


*Иш үстүндө.*

**Зарылкан Азарович** Ысык-Көл районунун Даярдоо конторасында, 1-май колхозунда жана Ысык-Көл мамлекеттик малды бордоп семиртүүчү чарбада иштеп турган мезгилдерде, ар кандай шылтоо менен, бир нерсе үмүт эткен ОБХССтин кызматкерлери, ж.б.у. сыяктуулар даап келе алышчу эмес эле. Ал эле эмес, бир жолкусунда районго жаңы келген прокурор кабинетине чакыртып алып, таанышуу маек учурунда, экөөнүн ортосунда бир аз тил келишпестик



болот, *“Анда текшер-тем”* – десе, *“Азыр жумуштун сезону болуп атат, текшерүүгө алаксыгыдай убактыбыз жок”* – деп, кер-мур айтыша кетип, аны бир укуп кабинетинен чыгып кетип калган экен. Ушундай жөндөн-жөн текшерүүлөрдүн аз болгондугун, аталган чарба, ишканаларда ошол кезде чогу иштешкен кызматкерлер сыймыктануу менен эскеришет.

1991-жылы, областа биринчилерден болуп, ири “Азар” дыйкан чарбасын уюштуруп төрагасы болуп эмгектенип, бир туугандарын, бала-бакыраларын айыл-чарба продуктылары менен камсыз кылып турчу, кийин кичүү баласы Маратка чарбаны өткөрүп берип ардактуу эс алууга чыккан.

**Сыйлыктары**

Ысык-Көл райондук партиялык комитетинин жана эл депутаттарынын аткаруу комитетинин бир катар Ардак грамоталары, 2005-жылы Ысык-Көл районунун “Ардактуу атуулу” наамы, В.И.Лениндин юбилейлик медалдары, “Ысык-Көл районуна 80-жыл” төш белгиси, 2018-

жылы Кыргыз Республикасынын “Ардактуу инсандары” коомдук бирикмесинин “Ардактуу аксакал” наамы ордени менен сыйланган.

**Зарылкан Азарович** 1964-жылдан бери КПССтин мүчөсү болгон. Эмгек жолунда, иштеген чарбаларынын социалдык-экономикалык, маданий жактан ар тараптуу өнүгүшүнө эбегейсиз салымдарын кошкон, жана дагы, Кыргыз Республикасынын элдик чарбаларынын ар кайсы тармактарында башкы бухгалдерлик, жетекчилик кызматтарды аткарууда, Азаров Зарылкандын туура, үнөмдүү жана талыкпай ишти жүргүзүүсүнүн негизинде, дайыма ошол чарбалардын көрсөткүчтөрү жогору болуп, республика боюнча алдыңкы орундарды ээлеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен алышкан Өтмө Кызыл Туу дайыма 1-Май колхозунун конторасынын ардактуу орунунда илинип турчу.